***Чотонов А.О.-*** *КМЮАнын изденуучусу* ***Абдыбеков А.А. -*** *зав.кафедры уголовного процесса и прокурорского надзора КГЮА, к.ю.н.*

**УДК 340.537(575.2):347.254(-87)**

# ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК АДАМДАРДЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН НЕГИЗИНДЕГИ ЭМГЕКТИК ИШ-АРАКЕТТЕРИ

***Аннотация:*** *Ушул беренеде чет өлкөлук адамдардын эмгектик иш-аракеттеринин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде кандай тартип менен өтөру баяндалган.*

***Аннотация:*** *В данной статье автором раскрываются особенности трудовой деятельности иностранных граждан в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.*

***Annotation:*** *This article also specifies foreigner citizen who are temporarily in the territory living of Kyrgyzstan*

***Негизги сөздөр:*** *Чет өлкөлук жаран, жумушчу кучунө квота, тышкы эмгек миграциясы, убактылуу жашаган чет өлкөлук жарандар.*

***Ключевые слова:*** *Иностранные граждане, квота на трудоустройство, внешняя трудовая миграция, временно проживающие иностранные граждане.*

***Keywords:*** *Foreign citizens, labor activity, external migration, the temporarily living foreign citizens.*

Чет өлкөлук жарандар деп Кыргыз Республиканын жарандары болуп саналбаган жана чет мамлекеттин жарандыгына таандык экендиги жөнундө далилдери бар адамдар эсептелет. Чет өлкөлук жарандардын укуктук абалы биздин мамлекетибиздин территориясында «Чет өлкөлук граждандардын Кыргыз Республикасындагы укуктук абалы жөнундө» Мыйзамынын негизинде жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлук жарандар мыйзамда же Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимде белгиленген учурларды кошпогондо Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укуктардан пайдаланат жана милдеттерди аткарышат.

Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлук жарандар жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этноско таандыктыгына, туткан динине, курагына, саясий же башка ынанымдарына, билимине, тегине, мулктук же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларга карабастан Мыйзам алдында бирдей.

Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган чет өлкөлук жарандар Кыргыз Республикасынын жарандары учун белгиленген негизде жана тартипте ишканаларда, мекемелерде жана уюмдарда жумушчу жана кызматчы катары иштеп, же башкача эмгектене алат.

Убактылуу жашаган чет өлкөлук жарандар эгерде алардын Кыргыз Республикасына келип-кетишинин максаттарына жана мөөнөтунө ылайык келсе, же ага Кыргыз Республикасынын Экмету тарабынан аныкталуучу тартипте, миграция жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын тийиштуу уруксаты болсо, эмгектене алышат.

Мыйзамдарга ылайык Кыргыз Республикасынын жарандары гана дайындалууга же белгилуу иш жургузуугө тийиш болгон айрым кызматтарга чет өлкөлук жарандар дайындалбайт же белгилуу иш жургузе албайт. Мисалы, Кыргыз Репубикасынын Мыйзамынын "Мамлекеттик кызмат жөнундө» 6-беренесинде мамлекеттик кызматчыларга коюлуучу негизги талаптарынын бири болуп Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналбагандар мамлекеттик кызматчы боло алышпайт. Ошондой эле, Кыргыз Репу-бликасынын Мыйзамы "Муниципалдык кызмат жөнундө "8-беренесине ылайык муниципалдык кызматчы болуп Кыргыз Республикасынын 18 жашка чыккан

жараны, белгиленген Мыйзамда жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте муниципалдык кызмат орунунун квалификациялык талаптарына жооп берген жараны муниципалдык кызматчы болуп саналат. Ал эми, чет өлкөлук жарандар шайлоого, мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укуктуу эмес.

Кыргыз Републикасынын Мыйзамы "Тышкы эмгек миграциясы жөнундө" чет өлкөлук жумушчу кучтөрун Кыргыз Республикасына тартуу тартибин жөнгө салат.

Чет өлкөлук жарандар өздөрунун эмгекке жөндөмдуулуктөрун эркин тескөө, кесиптик билими жөнундө тийиштуу документтери же ырастоочу документтери бар иш тажрыйбасы болгондо иштин турун жана кесибин эркин тандоо укугунан, ошондой эле өздөрунун жөндөмдуулуктөрун жана мулкун ишкердик жана мыйзамда тыюу салынбаган башка экономикалык иш учун эркин пайдалануу укугунан пайдаланышат.

Иш берuучунун Кыргыз Республикасында чет өлкөлук жумушчу кучун тартуу жана пайдалануу менен байланышкан ишин жузөгө ашыруусу Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги чет өлкөлук жумушчу кучун тартууга жана пайдаланууга уруксат беруулөрдун негизинде Кыргыз Республикасынын Экмету аныктаган тартипте жургузулөт.

Кыргыз Республикасынын аймагында эмгектик иш-аракетин жузөгө ашыруу максатын-да убактылуу жургөн чет өлкөлук жаранга иш беруучу тарабынан Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги (мындан ары-Министрлик) атайын ачкан эсепке чет өлкөлук кызматкердин Кыргыз Республикасынан транспорттун тийиштуу туру менен чыгып кетуусун камсыз кылуу учун зарыл болгон каражатты (кепилдик төгум) төгуп берген шартта Кыргыз Республикасынын өкмөту аныктаган тартипте жогоруда белгиленген мамлекеттик орган тарабынан иштегенге уруксат берилет.

Иш беруучу тарабынан чет өлкөлук кызматкерлердин Кыргыз Республикасынан чыгып кетуусун камсыз кылуу учун зарыл болгон каражатты төгуп беруусунун жана мындай каражаттарды иш беруучугө кайтарып беруунун тартиби Кыргыз Республикасынын өкмөту тарабынан белгиленет.

Чет өлкөлук жумушчу кучун тартууга жана пайдаланууга уруксат жана иштегенге уруксат беруу учун миграция жагындагы ыйгарым укук берилген мамлекеттик органдын мындай уруксаттарды беруну уюштурууга байланышкан чыгымдарынын ордун толтурууну камсыз кылуу учун акы алынат. Чет өлкөлук жумушчу кучун тартууга жана пайдаланууга уруксаттардын жана иштегенге уруксаттардын наркы Кыргыз Респу-бликасынын өкмөту тарабынан белгиленет.

Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлук жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын эмгек ишмердигин жузөгө ашыруу тартиби жөнундө" Жобо Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлук жарандардын эмгек ишмердигин жургузуу тартибин жана шарттарын аныктайт. Ушул Жобого ылайык Чет өлкөлук жумушчу кучту тартууга уруксат аркылуу, Кыргыз Республикасынын аймагында иштөө учун жумуш беруучу жалдаган жалпысынан жана кесиптик топтору боюнча белгилуу бир сандагы четөлкөлук кызматкерлерди тартууга жана пайдаланууга квота белгиленет.

Чет өлкөлук жумушчу кучту тартууга болгон уруксатта каралган четөлкөлук жумушчу кучунө квота ал уруксат берилгенден кийин 3 айдын ичинде пайдаланылбай калган кезде алынып салынат.

Чет өлкөлук жумушчу кучун тартууга уруксатты алуу учун жумуш беруучу Министрликке чет өлкөлук жумушчу кучту тартууга уруксат беруучу арыз берилет. Уруксат беруу же андан баш тартуу жөнундөгу чечим жумуш беруучу арыз берген кундөн тартып 30 кундун ичинде каралат. Чет өлкөлук жумушчу кучту тартууга уруксатты беруу жөнундө чечимдер Кыргыз Республикасынын жарандарынын бош жумушчу орундарын ээлөөгө артыкчылыктуу укуктардын принцибинде негизделет жана Кыргыз Республикасында бирдей жумушчу куч жок болгон учурда кабыл алынат. Чет өлкөлук жумушчу кучун тартууга болгон уруксат бир жылга чейинки мөөнөт менен берилет, ал буткөн соң чет өлкөлук жумушчу кучту тартууга берилген уруксаттын колдонуу мөөнөтун узартуу жөнундө чечим кабыл алышы мумкун. Оң чечилген кезде жумуш беруучу четөлкөлук жумуш кучун тартууга берилуучу уруксатта алдын ала каралган

өлчөмдө акыны төлөйт. Ал акы Кыргыз Республикасына четөлкөлук жумушчу кучун тартуу жана Кыргыз Республикасынын жарандарын анын чегинен тышкары жактарда жумушка орноштуруу менен байланышкан ишмердик жургузуу укугуна уруксат беруучу документтерди бергендиги учун алынат.

| № | Ишмердик туру | Алуу мезгилдуулугу | Б а а с ы (сом)\| | ЕвроАзЭС ке катышкан | ЕвроАзЭСке мамлекеттердин КыргызРеспубликасы менен эмгектик чөйрөсундө өз ара беруу жөнундө тараптуу же тараптуу макулдашуусу бар жарандары учун сом) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Чет өлкөлук жумушчу кучун тартууга уруксат беруу | | Жылына 1 жолу | 4000 | 4000 |
| 2 | Жумушка уруксат беруу | | Жылына 1 жолу | 2000 | 1000 |
| 3 | Жекече эмгек ишмердигин жургузгөн адамдар учун жумушка уруксат беруу | | Жылына 1 жолу | 20000 | 1000 |
| 4 | Кыргыз Республикасынын жарандарына анын чегинен тышкары жумушка орошу укугуна уруксат беруу | | Жылына 1 жолу | 4000 | 4000 |

Кыргыз Республикасында чет өлкөлук жумушчу кучун тартуу жана пайдалануу квотасы жыл сайын, ар бир календарлык жыл башталганга чейин төрт ай мурда мамлекеттик кызыкчылыктарды жана ички рыноктогу кырдаалды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын өкмөту тарабынан аныкталат.

Министрлик эмгек миграциясына квоталарды Кыргыз Республикасында ишке орноштуруу максатында чет өлкөлук жарандарды тартуучу иш беруучулөрдун арасынан алардын республиканын экономикасынын өнугушунө кошкон салымын жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын бош орундарды ээлөөгө артыкчылыктуу укуктарын эске алуу менен бөлуштурөт. Мисалы, 2008 жылдан 2014 жылга чейинки бөлунгөн квоталар:

| № | Жылы | Берилген квота |
|---|---|---|
| 1 | 2008 | 10324 |
| 2 | 2010 | 10286 |
| 3 | 2011 | 10650 |
| 4 | 2012 | 12864 |
| 5 | 2013-2014 гг | 12990. |

Четөлкөлук жумушчу кучун мыйзамсыз турдө тартып, пайдаланган иш беруучулөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат. Административдык жоопкерчилик жөнундө Кодексинде белгинген, 75-берене жана 75-1 беренелеринде белгиленген.

**КОЛДОНГОН ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРЫ:**

1. Административдык жоопкерчилик жөнундө Кодекс 1998 -жылдын 4-августу №114
2. Кыргыз Республикасынын мыйзамы «Чет өлкөлук граждандардын Кыргыз Республикасындагы укуктук абалы жөнундө» 1993-жылдын 14-декабры № 1296-XII.
3. Кыргыз Репубикасынын Мыйзамы "Мамлекеттик кызмат жөнундө» 2004-жылдын 11-августу № 114
4. Кыргыз Репубикасынын Мыйзамы "Муниципалдык кызмат жөнундө" 2004-жылдын 21-августу № 165

5. Кыргыз Републикасынын Мыйзамы "Тышкы эмгек миграциясы жөнундө" 2006-жылдын 13-январы № 4.

6. "Кыргыз Республикасынын аймагында четөлкөлук жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын эмгек ишмердигин жузөгө ашыруу тартиби жөнундө" ЖОБО 2006-жылдын 8-сентябрындагы № 639

7. "Кыргыз Республикасына четөлкөлук жумушчу кучун тартуу жана Кыргыз Республикасынын жарандарын анын чегинен тышкары жактарда ишке орноштуруу менен байланышкан ишмердик жургузуу укугуна уруксат беруучу документтерди бергендиги учун баалардын прейскурантын бекитуу жөнундө" токтом 2006-жылдын 31-октябры " 754.